**Бекитемин:**

**Директор ______ Мамункулова А.Т**

20. 08. 2020 ж.

**Эмгекти коргоо жөнүндө**

*(КР 2009-жылдын 17-апрелиндеги № 127, 2014-жылдын 31-октябрындагы № 149, 2016-жылдын 26-июлундагы № 142 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

*(Преамбула КР 2016-жылдын 26-июлундагы № 142 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

## I Глава
## Жалпы жоболор

**1[1]-статья. Жөнгө салуу предмети**

Ушул Мыйзам жумуш берүүчүлөрдүн жана кызматкерлердин ортосунда эмгекти коргоо чөйрөсүндөгү мамилелерди жөнгө салуунун укуктук негиздерин белгилейт жана эмгек процессинде кызматкерлердин өмүрүн жана ден соолугун сактоонун талаптарына туура келүүчү эмгек шарттарын түзүүгө багытталган.

*(КР 2016-жылдын 26-июлундагы № 142 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**2-статья. Эмгекти коргоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана аны колдонуу чөйрөсү**

Эмгекти коргоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдары Кыргыз Республикасынын Конституциясына негизделет жана Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинен, ушул Мыйзамдан жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларынан турат.

Ушул Мыйзамдын иш-аракети төмөнкүлөргө караштуу:

- иш берүүчүлөргө;
- иш берүүчүлөр менен эмгектик мамиледе турган кызматкерлерге;
- өздөрүнүн жеке эмгектик катышы аркылуу биргелешкен өндүрүштүк жана башка чарбалык иштерге катышкан кооперативдин мүчөлөрүнө;
- өндүрүштүк практиканы өтөп жаткан же курулуш, айыл чарба жана башка жумуштарга тартылышкан кесиптик жогорку жана орто билим берүү уюмдарынын студенттерине, кесиптик башталгыч жана орто билим берүү уюмдарынын жана жалпы орто, жалпы негизги билим берүүчү уюмдардын окуучуларына;
- бул уюмдардын кызматкери болуп саналбаган, майыптыктан кийин уюмга окууга же эмгектик реабилитациялоо максатында жиберилген адамдарга;
- коомдун жана мамлекеттин кызыкчылыгы үчүн уюштурулуучу эмгек ишмердигинин башка түрүнүн катышуучуларына;
- уюмга иштөө үчүн жиберилген аскер кызматчыларына;
- соттун өкүмү боюнча жазасын уюмдарда иштеп өтөп жүргөн жарандарга;

- толугу менен же жарым-жартылай чет өлкөлүк юридикалык же жеке жактарга таандык жана Кыргыз Республикасынын аймагында жайгашкан ишканаларда иштеп жатышкан Кыргыз Республикасынын жарандарына.

Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттерде жалданып иштеген жарандарына, иш берүүчү мамлекеттин эмгекти коргоо жөнүндө мыйзамдары, ал эми Кыргыз Республикасынын юрисдикциясында турган уюмдарда иштөөчү чет өлкөлүк жарандарга жана жарандыгы жок адамдарга, - Кыргыз Республикасынын эмгекти коргоо жөнүндө мыйзамдары жайылтылат. Андан тышкары, аларга жана башкаларга да Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдердин жоболору жайылтылат.

*(Төртүнчү бөлүк КР 2014-жылдын 31-октябрындагы № 149 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

*(КР 2014-жылдын 31-октябрындагы № 149 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**3-статья. Эмгекти коргоонун талаптары**

Эмгек процессинде кызматкерлердин өмүрүн жана ден соолугун сактоого багытталган эрежелер, жол-жоболор жана критерийлер (мындан ары - эмгекти коргоо талабы) Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленет.

Эмгекти коргоо талаптары ушул Мыйзамдын 2-статьясынын экинчи бөлүгүндө көрсөтүлгөн юридикалык жана жеке жактар тарабынан иштин кайсы түрү болбосун жүзөгө ашырууда, анын ичинде объекттерди долбоорлоодо, курууда, реконструкциялоодо жана пайдаланууда, машиналарды, механизмдерди жана башка жабдууларды конструкциялоодо, технологиялык процесстерди иштеп чыгууда, өндүрүштү жана эмгекти уюштурууда камсыз кылынат.

*(КР 2014-жылдын 31-октябрындагы № 149 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**4-статья. Эмгекти коргоо жаатындагы мамлекеттик саясаттын негизги багыттары**

Эмгекти коргоо жаатындагы мамлекеттик саясаттын негизги багыттары болуп төмөнкүлөр саналат:

- иш берүүчүнүн өндүрүштүк иштеринин натыйжасына жараша кызматкерлердин өмүрүн жана ден соолугун сактоо артыкчылыгын камсыздоо;

- Кыргыз Республикасынын эмгекти коргоо ченемдик укуктук актыларын, ошондой эле эмгек шарттарын жакшыртуунун жана коргоонун республикалык жана аймактык максаттуу программаларын кабыл алуу жана ишке ашыруу;

- эмгекти коргоону мамлекеттик башкаруу;

- эмгекти коргоо жана өндүрүштүк санитария талаптарынын сакталышын мамлекеттик көзөмөлдөө жана контролдоо;

- өндүрүштүк кырсыктарды жана кесиптик уулануу жана оору-сыркоолорду териштирүү;

- кызматкерлерди өндүрүштүк кырсыктан жана кесиптик оорулардан милдеттүү социалдык камсыздандыруунун негизинде, өндүрүштөгү кырсыктан жана кесиптик оорулардан жапа чеккен кызматкерлердин, ошондой эле алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо;

- өндүрүштүн учурдагы техникалык деңгээли жана эмгекти уюштуруу менен четтетүүгө болбогон оор, татаал жана зыяндуу же коркунучтуу эмгек шарттары үчүн компенсацияларды белгилөө;